| № | Академиялык дисциплиналардын аталышы | Окутуучу | Дисциплинаны изилдөөнүн максаты жана милдеттери | Алынган билим жана көндүмдөр | Калыптануучу компетенции |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Манасоведение | Абдырахманова Н.Т. | **Дисциплинанын башкы максаты** - улуттук көркөм өнөрдүн туу<br>чокусу «Манас» эпосун, анын айтылыш, аткарылыш өзгөчөлүктөрүн, дүйнөлүк маданиятта<br>алган ордун, анын жаралыш доорун, өнүгүш стадияларын, тематикалык, идеялык<br>өзгөчөлүктөрүн, тилин, стилин, поэтикасын, эл арасынан жыйналыш тарыхын, ал ишти<br>улантуу, илимий изилдөө иштерин тереңдетүү, башка тилдерге которуу жумуштарын<br>уланта<br>берүү, эпостун өсүп-өнүгүүсүн, байыркы түпкү негизди сактоо өндөнгөн<br>принципиалдуу маселелерди илимий аңдап түшүнүү, ага илимий мамилелерди тереңдетүү,<br>манас таануу тууралуу илимдин спецификасын түшүнүүнү өнүктүрүү. Мындан сырткары<br>ар түрдүү адистиктерде окуган студенттердин сүйлөө кебин өнүктүрүү, улуттук адабий<br>мурас менен тереңден тааныштыруу | **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар:**<br>Циклдин базалык бөлүгүн окутуунун натыйжасында бүтүрүүчү (студент) билет:<br>* "Манас" эпосу тууралуу илимдин (манас таануунун) таржымалын;<br>* Дүйнөлүк маданиятта жана адабиятта "Манас" эпосунун алган ордун;<br>Эпостун көркөм өзгөчөлүктөрүн;<br>Эпостун искусство чыгармаларында чагылдырылышын;<br>Манасчылык өнөр жана манасчылар жөнүндө;<br>Эпостун кыргыз эли ошондой эле казак элинде изилденишин;<br>Белгилүү манасчылардын өмүрү жана чыгармачылыгын; | ОК-1<br>Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандап алуу, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо<br>ОК-2<br>Маселелерди чечет, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечим кабыл алат, демилгени жана жопкерчиликти көрсөтөт.<br>ОК-4<br>Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу<br>ОК-5<br>Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик, кадрлар менен эффективдүү баарлаша билүү |